**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**« 8 » - октябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш
кезектеги XVII сессия**

**ТОКТОМ** **№14** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарынын мэриясынын муниципалдык имаратынан
иш бөлмө бөлүп берүү жөнүндө**

Манас шаарынын мэриясынын 07.09.2025-жылдагы №01-18/6229 жана №01-18/6231 сандуу катты Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын карап, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Н.Айтматова көчөсүнүн №13 дарегинде жайгашкан муниципалдык имараттан төмөндөгүлөргө иш бөлмөлөрдү акысыз убактылуу пайдаланууга бөлүп берүүгө макулдук берилсин:
   - Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу ассоциациясына 1 (бир);
   - Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгүнө 2 (эки).
2. Манас шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Манас шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгынын башчысына (С.Эргешов) мүлктөрдү өткөрүп берүүдө мыйзам талаптарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**